УДК 325.1
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-451-458

**ФАЙЗУЛЛАЕВ Н.Ш.**
Ж. Баласагын атындагы ККУ
**ФАЙЗУЛЛАЕВ Н.Ш.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**FAYZULLAEV N.SH.**
KNU J. Balasagyn

## БАТКЕН ОБЛУСУНУН КАЛКЫНЫН МИГРАЦИЯСЫ

## МИГРАЦИЯ НАСЕЛЕНИЯ БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ

## MIGRATION OF THE POPULATION OF BATKEN REGION

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада миграциясы көйгөйү заманбап дүйнөдө кеңири таралган көрүнүш катары көтөрүлөт. Миграция жөнөтүүчү жана кабыл алуучу аймактардын калкынын жаш-жыныстык структурасын олуттуу түрдө өзгөртөт. Бул изилдөөдө негизинен ички жана сырткы миграция талданат, анткени Кыргызстандын башка аймактарына салыштырмалуу Баткен областында миграция процесси өзгөчө орунда. Ошондой эле миграциянын себептерин жана кесепеттерин аныктоого орун берилген.

**Аннотация:** В статье поднимается проблема миграции как распространенного явления в современном мире. Миграция существенно меняет возрастно-половую структуру населения отправляющих и принимающих регионов. В данном исследовании в основном анализируется внутренняя и внешняя миграция, так как по сравнению с другими регионами Кыргызстана миграционный процесс в Баткенской области занимает особое место. Это также дает возможность определить причины и последствия миграции.

**Abstract:** The article raises the problem of migration as a widespread phenomenon in the modern world. Migration significantly changes the age and gender structure of the population of sending and receiving regions. This study mainly analyzes internal and external migration, since in comparison with other regions of Kyrgyzstan, the migration process in the Batken region occupies a special place. It also provides an opportunity to identify the causes and consequences of migration.

**Негизги сөздөр:** ички жана тышкы миграция; окуу жана билим алуу; иш менен камсыз кылуу; себептер; жөнгө салуу программалары.

**Ключевые слова:** внутренняя и внешняя миграция; обучение и образование; занятость; причины; нормативные программы.

**Keywords:** internal and external migration; education and training; employment; causes; regulatory programs.

Миграция бул байыркы замандан бери келе жаткан глобалдык көйгөй катары каралып келет. Бүгүнкү күндө миграцияга байланыштуу дүйнөдөгү калктын мындан аркы динамикасын жана сапаттык курамын аныктоочу демографиялык түзүмдөрдүн эң олуттуу кайра түзүүлөрү жүрүп жатат. Дэвид Коулмэндин үчүнчү демографиялык өтүү жөнүндөгү түшүнүгүнө ылайык, демографиялык өтүүнү аяктаган өлкөлөрдө миграция калктын демографиялык түзүлүшүнө таасир тийгизген негизги фактор болуп калат. [4]

Изилдөөрлөрдүн натыйжасында муну актуалдуу маселе катары карап, азыркы учурда комплекстүү системалык ыкманын алкагында социалдык, экономикалык, саясий, этникалык, диний жана табигый мамилелер кирет.

Баткен облусу – Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан аймак жана ал миграция процессине көбүнчө экономикалык, социалдык жана саясий факторлор таасир этет. Баткен облусунун калкынын миграциясынын негизги себептери жана тенденциялары төмөнкүчө болот:

**Экономикалык себептер, жумуш жана турмуш шартка байланыштуу маселелер:** Баткен облусундагы айылдык жерлерде жумушсуздук, төмөн кирешелер жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн чектелиши

жаштардын жана жашоо деңгээли жогору болгон адамдардын миграциясына себеп болот. Алар көбүнчө Бишкек, Ош, Жалал-Абад сыяктуу ири шаарларга, ошондой эле Россия жана Казакстанга жумушка кетишет. [5]

Табигый ресурстар жана агрардык экономика: Баткен облусунун экономикалык негиздери негизинен айыл чарбасы, айрыкча жашылча-жемиш жана жүн өндүрүшүнө байланыштуу. Бирок, айыл чарбасындагы кирешелердин төмөндүгүнөн көптөгөн адамдар жумуш издеп миграцияга жөнөшөт.

**Социалдык факторлор, билим алуу**: Кыргызстандын атайын орто жана жогорку окуу жайлары, негизинен чоң шаарларда жайгашкандыктан, билим алуу үчүн көптөгөн жаштар Ош шаарына, айрыкча Бишкек шаарына барып билим алышат. [5]

Ден соолук жана медициналык кызматтар: Баткен облусунда медициналык кызматтардын сапаты жана жеткиликтүүлүгү көбүнчө шаардык аймактарга караганда төмөн. Мындан улам, ооруларды дарылоо жана алдын алуу үчүн элдер шаарларга же чет өлкөлөргө жөнөшөт.

**Саясий жана коопсуздук көйгөйлөрү, чектеш аймактардагы коопсуздук маселелери**: Баткен облусу Өзбекстан жана Тажикстан менен чектешкен аймакта жайгашкандыктан, чек арадагы чыңалуу жана коопсуздук маселелери айрым элдердин миграциясына себеп болот. Ошондой эле, этникалык кагылыштар жана чек арадагы чатактар аймактагы адамдардын көчүп кетүүсүнө түрткү берет. [5]

Чек арадагы социалдык жана саясий шарттар: Баткен облусундагы чек арадагы коопсуздук жана башка саясий чыр-чатактар аймактан качкан калк үчүн башка өлкөлөргө, айрыкча Казакстанга жана Россияга миграциянын себеби болуп саналат.

**Миграциянын динамикасы: Россияга миграция**: Баткен облусунун жаштары көп учурда Россияга иштегени кетишет. Бул өлкө Баткен облусунун миграциясынын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Россиядагы мигранттар жумуш табуу, акча жиберүү, үй-бүлөсүн камсыздоо үчүн кетишет.

Казакстанга жана башка өлкөлөргө миграция: Бул өлкөлөргө көчүү Баткен облусунун калкына салыштырмалуу аз, бирок жумушчу мигранттар үчүн Казакстан жана Түркия сыяктуу өлкөлөр дагы маанилүү багыт болуп саналат.

**Шаарларга жана өлкөнүн башка аймактарына миграция**

Баткен облусунун айылдарынан шаарларга болгон миграциянын негизги багыты – экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртуу, билим алуу жана жумуш орундарын табуу. Бул процесс көп учурда жаштар арасында жүрөт.

Миграциянын негизги кыйынчылыктары - социалдык жана экономикалык теңсиздик, билим берүү жана медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүктүн төмөндүгү. Баткен облусунун мигранттары көп учурда чет өлкөлөрдө жашоо шарттарына карата кыйынчылыктарга туш болушат, мисалы, жумушсуздук, укуктук коргоонун жоктугу жана социалдык камсыздандыруу маселелери. [5]

Калктын миграция маселесин чечүү жолдору: **Экономикалык программаларды жакшыртуу** Баткен облусунда жумуш орундарын түзүү, жергиликтүү бизнес жана инфраструктураны жакшыртуу менен миграциянын терс кесепеттерин азайтууга мүмкүнчүлүк бар.

Чек араларды жөнгө салуу жана кызмат көрсөтүү: Миграция процессин жөнгө салуу үчүн тиешелүү өкмөттүк орган тарабынан программалар жана саясаттар иштеп чыгуу керек. [5]

Социалдык кызматтардын жакшыртылышы: Мигранттарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө тиешелүү жардам көрсөтүү, психологиялык жана социалдык кызматтарды жакшыртуу талап кылынат.

Миграциянын Баткен облусундагы кесепеттерин чечүү үчүн көп тараптуу мамиле жана мамлекеттик саясаттын туруктуу болушу өтө маанилүү.

жаш адистерди колдоо боюнча программаларды иштеп чыгуу жана бекитүү;

ишкердикти колдоо боюнча мамлекеттик кепилдиктерди ишке ашырууга жаш адистерди жана ишкерлерди тартуу;

мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматтарга кирүүгө кызыгууну жогорулатуу;

чакан жана орто бизнести өнүктүрүү;

экономиканын секторлорун каржылоонун альтернативдүү булактарын түзүү;

региондорду өнүктүрүүнүн бирдиктүү пландарынын негизинде аймактарды системалуу өнүктүрүү;

социалдык заказдардын алкагында стартап долбоорлорун жана жаштардын демилгелерин колдоо;

калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жагында мыйзамдарда каралган кепилдиктерди камсыз кылуу. [5]

Жогоруда көрсөтүлгөн мамлекеттик иш-чаралар калк арасында ички миграцияны жөнгө салуу жана тышкы миграцияны кыскартууга багытталган.

Бүгүнкү күндөгү Кыргызстандагы анын ичиндеги Баткен облусундагы миграциянын абалын изилдөө актуалдуу маселе. Азыркы учурдагы миграциялык процесстердин мазмунунун өзөгү канчалык өзгөргөндүгүн тагыраак аныктап билүү үчүн, Баткен областынын калкынын миграциясына байланыштуу болгон маселеге кыскача тарыхый экскурс жасообуз зарыл.

Өлкөнүн, анын ичинде Баткен облусунда белгилүү деңгээлде облустун этноулуттук саясатына таасир эткен чоң масштабдагы ички жана тышкы миграция процесси саналган.

Ички жана тышкы миграцияга орчундуу себеп 1990-жылдагы Ош окуясы болгондо Баткен облусу Ош облусунун курамында болгондуктан мунун таасири чоң. Оштогу кайгылуу окуяга чейин эле тышкы миграциянын агымы күчөй башталган, бирок бул процесске эч ким республика жетекчилери да көңүл бурган эмес. [7]

Миграция массалык түргө айланып чоң масштабда жүрө баштаганда гана биринчи кезектеги маселеге айланган. Андан кийин 1999-2000-жылдардагы Баткен окуясы “Өзбекстандын ислам кыймылынын” (ӨИК) террордук согушкерлери менен Кыргызстандын аскерлеринин кагылышуусу “Баткен согушу”, “Баткен окуясы”, “Баткен коогалаңы” деген ат менен тарыхта калды. Согушкерлер 1999-2000 – жылдардын жай айларында эки ирет Кыргызстандын чек арасын Телбе (Баткен), Бокбашы (Чоң-Алай) ашуулары аркылуу бузуп киришкен. Зардалыда мектеп менен мечитте 45 күн ӨИК кара байрагы илинип турган, кишилер мыкаачылык менен өлтүрүлүп, барымтага алынган.

Чек араны 200дөн 1000ге чейинки согушкер бузуп өткөн. Аскердик операцияга 1500-2000 аскер тартылган. 53 адам курман болуп, 130дан ашыгы жаракат алган. Качкындардын саны 4 миңден 8 миңге жеткен. [7]

Эгер миграциянын көйгөлүү маселелерине окумуштуулардын гана эмес мамлекеттик жетекчилердин, уюмдардын да көңүлүн өзүнө бурса жаралып жаткан маселелер оңунан чечилмек. Ички миграциянын көйгөлүү маселерине да акыркы он жылдыкта туура мамиле жасала башталды. Ички миграция жана этностордун ортосундагы мамиле мамилекеттин стабилдүү жана стабилдүү эместигине орчундуу түрдө таасир тийгизет. Азыркы ички миграциянын жүрүш багыттары:

а) айылдан шаарга

б) республиканын аймактарынан Бишкек, Ош сыяктуу чоң шаарларга.

в) экономикалык абалы жогору Чүй областына. [7]

Ички миграциялык агымдын багытты басымдуу түрдө Ош, Бишкек шаарына жана Чүй облусуна көчүп кетүүлөр болуп, шаарга жаңы келгендер шаарда иштөө үчүн зарыл болгон талаптарга жооп бере албайт. Миграциянын мындай натыйжасынан жумушсуздук өсүүдө жана социалдык, коммуналдык инфраструктуралар үз милдетин аткара албай кыйынчылыктарга дуушар болууда, шаарда үй маселеси курчуп жатат. Булардын баары социалдык, экономикалык маселелерди жаратууда.

**Таблица 1. Калктын облустар аралык миграциясы**

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Келгендер | 311 | 305 | 239 | 849 | 829 | 678 | 696 | 692 | 261 | 874 | 631 |
| Кеткендер | 931 | 1009 | 899 | 1355 | 1751 | 1495 | 1605 | 1735 | 1578 | 2169 | 1590 |
| Миграциялык өсүш (-) | -620 | -704 | -660 | -506 | -922 | -817 | -909 | -1043 | -1017 | -1295 | -959 |




Таблица менен анализ жүргүзүүнүн ички миграциянын деңгээлин аныктоого болот. 2013 жылы облуска 311 киши ал эми 2023 жылы 631 киши келген эсептелет. [7]

Бул көбөйүүнүн себеби кеткендердин убактылуу миграция болуп кайра келүүлөрү жана облустун өзгөчө макам алышы менен аймакта социалдык жана экономикалык маселелердин жакшы нукка өзгөрүүсүнө байланыштуу. Башкарылбаган миграциядан улам шаарларга жана экономикалык жактан ыңгайлуу региондорго адамдар көп көчүп келишип бүгүнкү күндө социалдык маселердин комплексин пайда кылууда: жумушсуздук турак жайдын жетишсиздиги, кылмыштуулуктун өсүшү социалдык саясий, этностук мамилелердин болушу.

1. **Экономикалык:** буга региондун экономикалык абалынын оордугу, экономикалык кризистин кесепеттеринин акырындык менен жоголушу, өндүрүштүн төмөндөшү (завод, фабрикалар, кендер, шахталар, курулуш объектилеринин) токтоп калышы, жумушсуздуктун жогору болушу кирет.

2. **Социалдык жана социалдык-психологиялык:** буга жашоо деңгээлинин төмөн болушу, социалдык жактан коргоонун төмөндүгү, Ош окуясы, эмгек жана тиричиликтин шарттардын ордугу, жумушсуздуктун жогору болушу сыяктуу факторлор кирет.

3. **Саясий:** региондогу саясий туруксуздуктан улам келип чыгат: согушчан топтордун сырттан кирип келүү коркунучу экстремисттик топтордун ишмердүүлүктөрү улутчулдук күчөп бара жатышы.

Буларга кошумча себеп болуп жер шартынын татаалдыгы жана бангизат ташуучу кан жолго айланышы, диний карама-каршылыктардын күчөшү саналат.

Баткен облусундагы демографиялык миграциялык татаал маселелердин бири айыл жергесиндеги эмгек ресурстарынын азыркы өндүрүштүн талаптарына жооп бербей калышы анын ар түрдүү деңгээлиндеги региондорунун өнүгүүдөгү социалдык экономикалык негизги проблемасы болуп саналат. Айыл жергесиндеги эмгек ресурстарынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл жерине эмгекке ыңгайлуу өндүрүштү жайгаштыруу керек. Биз эле эмес башка бир катар изилдөөчүлөр ушул жолду сунуш кылат. Бул жол өндүрүштүн бар болгону эмгек ресурстарына адаптациялоо жолу менин көз карашым боюнча коомдук эмгектин төмөнкү натыйжалуулугу калктын айыл жеринде жашоосун бекемдөө алардын кесиптик чебердик даярдыгынын артта калышы менен шартталган.

Күндөн күнгө татаалданып бараткан азыркы кездеги өндүрүштө эмгек ресурстарынын сапаты алардын санына караганда алда канча маанилүү. Облустун экономикалык өнүгүүсүндөгү түзүлгөн өзгөчө кырдаал техниканы башкарып иштей турган кызматкерлерге болгон талаптын жогорулагандыгы эмес турмуш зарылчылыгынан келип чыккан реалдуулук. [5]

Ички миграциянын багыты негизинен өнөр жайы өнүккөн шаарларга Ош, Бишкек шаарлары жана Чүй облусунун айыл чарбасына жарактуу аймактарына көчүп кетүүдө. 2023-жылкы маалымат боюнча облуска көчүп келгендер 631 киши, кеткендер – 1590 кишини түзөт. Бул мигранттардын басымдуу бөлүгү эмгекке жарамдуу калк. Келген мигранттар негизинен Тажикстан менен чектеш аймактарда көп, себеби ал аймактагы түпкүлүктүү калк көчүп кетүүдө, алардын ордун тажик калкы толуктоодо. [7].

**Таблица 2. Баткен облусунун калкынын облус аралык миграциясы (киши)**

| | Келгендер | | | Кеткендер | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жалпы | эркек | аял | жалпы | эркек | аял |
| 2017 | 829 | 340 | 489 | 1751 | 852 | 899 |
| 2018 | 678 | 307 | 371 | 1495 | 696 | 799 |
| 2019 | 696 | 286 | 410 | 1605 | 798 | 807 |
| 2020 | 692 | 290 | 402 | 1735 | 777 | 958 |
| 2021 | 561 | 242 | 319 | 1578 | 679 | 899 |
| 2022 | 874 | 356 | 518 | 2169 | 918 | 1251 |
| 2023 | 631 | 268 | 363 | 1590 | 660 | 930 |

Ошентип азыркы миграция коомдогу ички кырдаалдагы терс көрүнүштөргө адамдардын жасаган аракеттери болуп саналат. Ошондуктан мамлекет миграциялык процесс-терди жөнгө салуусу экономикасы жогору аймактарга теңештирүүгө багытталган иш чаралардын комплексин кабыл алуу керек. Облуста бир нече тышкы миграциялык толкундар болгон, аларга республикабыздагы жана облустагы социалдык экономикалык факторлор: а) облуста социалдык-экономикалык кырдаалдын кескин начарлап кетишин (90 – жылдардын биринчи жары-мында КМШ өлкөлөрүнүн арасында Кыргызстан улуттук кирешесинин өлчөмү боюнча эң акыркы орунда турган) б) Россияда, алыскы чет өлкөлөрдө эконо-микалык кырдаалдын бир кыйла жакшы болушу. [3]

Эл аралык миграцияда Баткен облусунан Россияга кеткендер басымдуулук кылат, андан кийин Өзбекстан, Казахстанга кеткендер көп. 2014-2023 жылдардын аралыгында Россияга кеткендердин саны 7529 түзгөн, Өзбекстанга – 566, Казахстанга – 247 адам түзгөн. Негизинен тышкы миграциялык алмашууда КМШ өлкөлөрү негизги ролду ойнойт. КМШ өлкөлөрүнөн эң аз миграциялык алмашуу бул Кавказ республикалары менен байкалат. Ошондой эле мындай тенденция Балтика өлкөлөрүнө таандык. Ал эми алыскы чет өлкөлөрдүн арасынан Турция менен АКШ өлкөлөрүнө көбүрөөк кетет. Ушул эле мезгил аралыгында Турцияга 40, АКШга 105 адам кеткен. [7].

Азыркы убакта ата-энесинин бирөө же экөө тең эмгек миграциясында болгондуктан, аларды көрбөй балдардын бир мууну чоңойду, бул Кыргыз Республикасынын келечегине таасир бербей койбойт. Өзгөчө татаал кырдаалга эмгек мигранты жашаган өлкөдө төрөлгөн же ал жакка ата-энеси менен барган балдар туш болушат. Мигрант ата-энелер миграцияны кооптуу кабыл алгандыктан, алар балдарын тууганадарынын, кошуна же тааныштарынын колуна калтырып кетүүгө мажбур болушууда. Ата-энелер балдарын өздөрү менен чогуу алып кете турган болушса, анда алар балдарынын бара турган өлкөдө коопсуздукта болооруна көздөрү жетпейт, жана ошондой эле балдары мектепке, медициналык же социалдык кызматтарды тоскоолсуз колдоноoруна ишенишпейт.

Миграция ар кандай региондун экономикалык, социалдык, демографиялык жана этностук процесстерине өтө чоңтаасирин тийгизүүчү көп функциялуу көрүнүш. Элдер-дин ири санда бир жерден экинчи жерге көчүп, орун которуштуруп жүрүшү ошол региондогу айылдын, шаардын социалдык-этностук структурасына чоң өзгөртүү киргизет. Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин орус тилдүү калктын кетүүсү кескин күчөдү, ал 1993 –жылы кыйла олуттуу санга жетти. 2010-жылдан баштап мындай кетүүлөрдүн катарына түпкүлүктүү калктын өкүлдөрү да кошулду.

2013 жылы кеткендердин саны 1657 киши келгендердин саны 939 киши болуп жыйынтыгында таза же сальдо миграция – 718 ге туура келди бул кеткендердин көптүгүнө байланыштуу терс миграцияны көрсөттү. Ал эми 10 жылдан кийин 2013 – жылы кеткендер 1774 киши, келгендер 167 кишини түзүп, таза миграция терс көрүнүштү көрсөттү.

Ал эми 10 жылдан кийин 2023 – жылы кеткендер 1774 киши, келгендер 167 кишини түзүп, таза миграция терс көрүнүштү көрсөттү. [7].

Облустун калкынын жашоо деңгээлинин төмөндөшү жана жумушсуздуктун көбөйүшү кеңири масштабта стихиялык миграциялык процесстердин пайда болушуна, тышкы миграциянын жана республикалык ички аралашуунун өсүшүнө көмөктөштү.

Социалдык-экономикалык маселелер Баткен облусундагы жүрүп жаткан миграциянын негизин түзүп айыл жерлериндеги басымдуу калктын сыртка кетүүсүнө алып келүүдө. Бул процесске катышууда орчунду маселе калктын эмгеке жарамдуу курагы башкача айтканда жаштардын кетүүсү облустун социалдык-экономикалык абалына терс таасир тийгизүүдө.

Тышкы миграцияга басымдуу эмгекке жарамдуу калк катышууда. Бул 2024 жылкы маалыматтар боюнча келгендер менен кеткендерди салыштырсак жалпы тышкы миграция боюнча келгендер – 165 анын ичинен 141 киши же 85,5%ды эмгек жашындагылар, ал эми кеткендер боюнча жалпы 1650 киши, анын ичинен 1519 киши эмгекке жарамдуу же жалпы калктын 92%ын түзөт.

Ички миграциянын багыты негизинен өнөр жайы өнүккөн шаарларга Ош, Бишкек шаарлары жана Чүй облусунун айыл чарбасына жарактуу аймактарына көчүп кетүүдө. 2018-жылкы маалымат боюнча облуска көчүп келгендер 631 киши, кеткендер – 1590 кишини түзөт. [7].

Бул мигранттардын басымдуу бөлүгү эмгекке жарамдуу калк. Келген мигранттар негизинен Тажикстан менен чектеш аймактарда көп, себеби ал аймактагы түпкүлүктүү калк көчүп кетүүдө, алардын ордун тажик калкы толуктоодо. Облустун аймагында жашап турган иммигранттарды алсак акыркы жылдарда эмгек рыногунун чет өлкөлүк мигранттар үчүн кеңейиши байкалат. Чет өлкөлүк жарандардын көпчүлүгү акыркы үч жыл ичинде өлкөнүн экономикасынын өнөр жай, транспорт, коммуникациялар жана курулуш, геологиялык чалгындоо жана тоо кен өнөр жайы тармактарына тартылган. Чет өлкөлүк жарандардын басымдуу бөлүгү – Кытай Эл Республикасынын, Бангладеш, Пакистан сыяктуу өлкөлөрдүн жарандары. [7]..

Азыркы ички миграциянын жүрүш багыттары: а) айылдан шаарга; б) республиканын чет жериндеги шаарлардан чоң шаарларга (Ош, Чүй, Бишкек шаары ж.б.); в) экономикалык абалы жогору региондорго.

Тышкы миграцияга басымдуу эмгекке жарамдуу калк катышууда. Бул 2018 жылкы маалыматтар боюнча келгендер менен кеткендерди салыштырсак жалпы тышкы миграция боюнча келгендер – 165 анын ичинен 141 киши же 85,5%ды эмгек жашындагылар, ал эми кеткендер боюнча жалпы 1650 киши, анын ичинен 1519 киши эмгекке жарамдуу же жалпы калктын 92%ын түзөт.

Баткен облусундагы демографиялык миграциялык татаал маселердин бири айыл жергесиндеги эмгек ресурстарынын азыркы өндүрүштүн талаптарына жооп бербей калышы анын ар түрдүү деңгээлиндеги региондорунун өнүгүүдөгү социалдык экономикалык негизги проблемасы болуп саналат. Айыл жергесиндеги эмгек ресурстарынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл жерине эмгекке ыңгайлуу өндүрүштү жайгаштыруу керек. Биз эле эмес башка бир катар изилдөөчүлөр ушул жолду сунуш кылат. Бул жол өндүрүштүн бар болгону эмгек ресурстарына адаптациялоо жолу – менин көз карашым боюнча коомдук эмгектин төмөнкү натыйжалуулугу калктын айыл жеринде жашоосун бекемдөө алардын кесиптик чебердик даярдыгынын артта калышы менен шартталган. Азыр базар экономикасына бараткан кезде өнөр жайдын майда – майда объектерин айылдарга жайгаштыруу менен, биз, облус ичиндеги ремиграцияны ишке ашырып, ошол эле кезде айыл жерлеринин инфраструктурасын жакшырта алабыз. Соңку жылдары мигранттардын көбү АКШ жана Европа өлкөлөрүнө барууга умтулууда. [7].

Жыйынтык жана практикалык сунуштар

Жыйынтыктап айтканда, Баткен облусундагы калктын миграциясы экономикалык мүмкүнчүлүктөр, коопсуздук маселелери жана билим алуу үчүн негизинен ички жана тышкы миграциянын негизги себептерин түзөт. Бул процесс жергиликтүү калк үчүн бир жагынан жашоо деңгээлин жакшыртууга багытталса, экинчи жагынан аймактагы демографиялык өзгөрүүлөргө алып келүүдө.

Миграциянын масштабы жана аны жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгуу максатында анын эмпирикалык жактан терең изилденүүсү учурда абдан актуалдуу болгондугу үчүн бул изилдөөнүн максаты Баткен областынын калкынын миграциясынын себептерин талдоо ыкмасы менен аныктоо катары коюлган. Илимий иштин негизинде жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгы төмөндө берилген.

Баткен областында миграциянын деңгээли масштабдуу болушу менен бирге, анын регионалдык жана үй-чарбанын өзгөчөлүктөрүнө ээ болгондугун айтуу мүмкүн. Тактап айтканда, мигранттардын үй-

чарбасынын жана отурукташкан жеринин өзгөчөлүктөрү статистикалык маанилүү өлчөмдө мигрант эместерден айырмаланат.

Бул жагдай миграциянын жөнгө салынышында жасала турган иш чараларда эске алынуусу зарыл. Миграциялык саясатты мамлекеттин калкынын санын жана анын түзүлүшүн өзгөртүү же калыбында кармоо максатында, мигранттардын түзүлүшү менен алардын багытын жөнгө салуу менен бирге улуттук же жергиликтүү эмгек рыногунун суроо талабына ылайык убактылуу чет өлкөдөн жумушчулар менен камсыз кылуу, же чет өлкөгө кетүү үчүн иш чараларды жүргүзүү катары аныктоо мүмкүн. [4]

Ал эми миграциялык саясаттын максаты катары, экономиканын эффективдүү өнүгүүнүн камсыз кылуу максатында, калктын рационалдуу түрдө жайгаштыруу катары аныктоо мүмкүн. Бул миграциялык саясаттын максатын ишке ашыруу үчүн илимий жактан негизделген, экономикалык жана демографиялык мааниге таянган эсептөөлөрдүн жүргүзүлүшү шарт. Ал эми миграциялык саясатын иштеп чыгуу үчүн жүргүзүлө турган анализ (же аналитикалык база), негизги үч этаптан түзүлүүдө, булар: биринчиден, узак мөөнөт аралыгына таандык маалыматтардын негизинде, миграциялык процесстер менен бирге мамлекеттин социалдык-экономикалык абалын терең изилдөө; экинчиден миграциянын динамикасы жана анын себептеринин анализи натыйжасында областын ичинде калктын жайгашуусунун өзгөрүүгө дуушар болуп болбогондугу изилдөө менен бирге миграциянын факторлорун аныктоо катары белгиленсе; үчүнчү этапта, миграциялык процесстердин орчундуу проблемаларын белгилөө менен бирге, аларды жөнгө салуу үчүн керек болгон иш-чараларды сунуштоо болуп эсептелет. [4]

Бул илимий иште миграциялык процесстердин структуралык жана динамикалык өзгөрүүлөрүн изилдөө менен бирге эмпирикалык анализдин методдорун колдонуунун натыйжасында миграцияга таасирин тийгизген факторлор аныкталды. Баткен областындагы миграциялык процесстерди жөнгө салуу үчүн экономикалык жана демографиялык факторлорду эске алуу менен төмөндөгү сунуштарды берүүгө болот:

Эмгек миграциясы тууралуу маалыматтарды жакшыртуу. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин башка КМШ мамлекеттерине салыштырмалуу эмиграция тууралуу маалыматты жакшыраак, же көбүрөөк камтыганы менен (Чудиновских, 2009), областын учурдагы миграциясын толук чагылдырбагандыгын айтууга болот. Учурда чет өлкөдө эмгектенүү максатында жүргөндөрдүн саны тууралуу так маалыматтын болбошу (айрым изилдөө жана отчеттордун негизинде гана божомолдонгон көлөмдөр айтылгандыгы үчүн), миграциянын көлөмүн тактоо максатында миграциялык карточка киргизилиши керек. Россия Федерациясынын миграциялык кызматы тарабынан берилген маалыматтырдын Кыргызстандын миграция кызматынын интернет баракчасында ар бир айга таандык маалыматтарды жарыялоосу сунушталат.

Эмгек мигранттардын санына жараша аларга чет өлкөдө кызмат көрсөткөндөрдүн санын жогорулатуу. Россия менен Казакстанда эмгектенген жарандардын санынын жогору болушу, бул мамлекеттерде мигранттырдын эң көп жайгашкан негизги региондордо Мамлекеттик миграция кызматынын өкүлчүлүгүн ачуу жана мигранттардын санына ылайык кызмат көрсөткөндөрдүн санын жогорулатуу сунушу берилет. [7].

Узак мөөнөттүк демографиялык божомолдору (прогноздору) менен, миграциянын потенциалын эсептөө аркылуу узак мөөнөттүк миграция саясатын Улуттук стратегиянын негизги компоненти катары кабыл алуу зарыл. Мамлекеттик деңгээлде областын туруктуу калкынын санын, табигый өсүү менен миграциянын негизинде, миграциялык потенциалын узак мөөнөткө болжолдуу көрсөткүчтөрүн (прогноздорун) эсептелип чыгышы, миграция саясатын жүргүзүү үчүн керектүү инструмент катары белгилесек болот.

Чет өлкөгө кеткендердин, эмиграциянын санын азайтуу. Потенциалдуу мигранттардын жергиликтүү аймактарда же миграцияга ийкемдүү болуп белгиленген региондордо калышын камсыз кылуу максатында бул жерлердеги жумуштуулук деңгээлин, билим деңгээли менен жашоо стандарттарын жогорулатуу үчүн Улуттук стратегия программасында бул иш чараларга орун берилиши керек. Кыргызстандын диаспораларынын жергиликтүү региондордо инвестиция кылуусун колдоо. Бул илимий иштин эмпирикалык анализдин негизинде регионалдык жана калктуу пунктка таандык өзгөчөлүктөрдүн миграцияга маанилүү өлчөмдө таасирин тийгизгендиги аныкталган.

Бул себептерден улам, миграцияга эң көп дуушар болгон региондорго инвестиция тартуу зарыл. Учурда диаспораларды мамлекеттик деңгээлде колдоо жана алардын мамлекеттин өнүгүү процессинде орун алуусу актуалдуу болууда.

Баткен областынын тышкы миграциясынын динамикасы жана анын себептеринин анализи жоболорду жөнөйлөтүү менен бирге салык боюнча жеңилдиктердин, кредиттерди алууда артыкчылыктардын берилишин камсыз кылуу**.**

Эмгек миграциясында жүргөндөрдүн кайтып келүүсүнө өбөлгө түзүү. Миграциянын узак мөөнөттө демографиялык абалга терс таасирин азайтуу максатында, чет өлкөдө жүргөндөрдүн кайрадан кайтып келүүсү үчүн программаларды ишке ашыруу. Бул сунуштардын негизинде келечекте чет өлкөдө жүргөндөрдүн кайтып келүүсү үчүн керектүү шарттарды түзүү мүмкүн экендигин белгилеп кетсек болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Гужин Г.С. Современные проблемы географии населения горных районов Средней Азии (на примере Киргизии и Таджикстана): автореф. дис. – Москва: МГУ, 1969.
2. Гречко В.В. География населения (с основы демографии и география населения): Учебное пособ. – Бишкек: Илим, 1991.
3. Даниярова Г.М. Кыргызстандагы аялдар миграциясы: себептери, көйгөйлөрү жана аларды чечүү боюнча сунуштар // Вестник Ошского государственного университета, 2021; Демографический ежегодник Кыргызской Республики, 2013-2024.
4. Рыбаковский Л.Л., Кожевникова Н.И., Маевский Д.П. Миграционная подвижность населения и её измерение // Народонаселение, 2019, № 2, с. 4-16.
5. Макыев С.Т. Кыргызстандагы жаштар арасындагы миграция маселелери // ОШМУнун Жарчысы, 2024, №1(4), с. 89-99.
6. Миграция населения Кыргызской Республики. Книга II. Часть 3. – Бишкек: Национальный статистический комитет Кыргызской Республики, 2024.
7. Демографический ежегодник Кыргызской Республики, 2012-2024 гг. – Бишкек: Национальный статистический комитет Кыргызской Республики, 2024.

**Рецензент: г.и.к., доцент Кендирбаева А.Ж.**